# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН САЯСИЙ-УКУКТУК МАКАМЫ ЖАНА САЯСИЙ СИСТЕМАДА ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

**АРАБАЕВ А.А., БЕРЕНАЛИЕВА А.А.**
*Национальная академия наук Кыргызской Республики.*
**УДК 329/342.53**

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасындагы саясий партиялардын саясий-укуктук макамы жана саясий системада ээлеген орду менен байланышкан маселелер илимий талдоого алынган.*

***Аннотация:*** *В этой статье проведен научный анализ вопросов, связанных с политико-правовым статусом политических партий в Кыргызской Республике и их местом в политической системе.*

***Abstract:*** *This article discusses the academic analysis of the issues related to political and legal status of political parties in the Kyrgyz Republic and their place in the political system.*

***Урунттуу сөздөр****: биригүү эркиндиги; Жогорку Кеңеш; көп партиялуулук; Кыргызстан, парламенттик фракция; плюрализм; саясий көп түрдүүлүк; саясий партия; саясий система; саясий-укуктук макам.*

***Ключевые слова****: свобода объединения; Жогорку Кенеш; многопартийность; Кыргызстан; парламентская фракция; плюрализм; политическое многообразие; политическая партия; политическая система; политико-правовой статус.*

***Key words****: freedom of association; Jogorku Kenesh; multiparty system; parliamentary faction; pluralism; political diversity; political party; political system; political and legal status.*

Кыргызстанда саясий партияларды түзүүнүн жана алардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун укуктук негиздери биринчи кезекте Конституцияда белгиленген. Анын 4-беренесинин 1-бөлүгүндө “Кыргыз Республикасында саясий көп түрдүүлүк жана көп партиялуулук таанылат” деп жазылган[1]. Бул Кыргыз Республикасынын конституциялык мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүнүн негиз салуучу принциптери саясий партиялардын коомдун саясий системасында жана мамлекеттик бийликтин органдарын түзүүдө жана алардын ишмердүүлүгүн уюштурууда активдүү ролун бекитишет.

Саясий партиялар, Конституцияга ылайык, кесиптик бирликтер ж.б. башка коомдук бирикмелер сыяктуу эле, өздөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруу жана жарандардын өз эркин коргоо, саясий, экономикалык, социалдык, эмгектик, маданий жана башка кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн эркин билдирүү жана кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде түзүлөт.

Башка коомдук уюмдардан айырмаланып, саясий партиялардын Конституцияда белгиленген социалдык ролу жарандардын саясий эркин билдирүүгө көмөк көрсөтүүдө жатат. Бул максатта Конституция саясий партиялардын негизги укугун – Жогорку Кеңештин депутаттарын, Президентти жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарын шайлоого катышуу укугун бекитет (4-бер. 3-бөл.).

Ошону менен катар, саясий партиялардын бул негизги укугун “шайлоо эркиндиги” принцибин, Кыргызстандын жарандарынын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин катарына кирген биригүү эркиндигин, мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоо жана аларга шайлануу укуктарын жүзөгө ашыруу механизми катары карасак да болот. Анткени бул конституциялык саясий эркиндиктер менен укуктардын жүзөгө ашырылышы саясий партиялардын ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта. Бир жагынан, жарандар өздөрүнүн биригүү эркиндигинин негизинде саясий партия түзүшсө, экинчи жагынан, саясий партия алардын шайлоо жана шайлануу укуктарын жана жалпы эле мамлекеттин иштерин башкарууга катышуу укугун жүзөгө ашыруунун саясий инструменти катары колдонулат.

Биригүү эркиндигинин өзү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесинде бекитилген. Анда: “Ар ким биригүү эркиндигине укуктуу”, - деп жазылган. Бул укуктук конструкция, биринчиден, саясий партияга же башка коомдук уюмга биригүү жарандын милдети эмес, укугу экендигин билдирет. Башкача айтканда, жарандар өздөрүнүн субъективдүү биригүү укугунан пайдаланып, саясий партия түзө алышат. Бирок, алар ошол эле учурда партияга бирикпегенге да укуктуу. Экинчиден, кеп биригүү эркиндигинде болуп жатат. Ага ылайык, жарандар саясий партияга биригүүнү каалаган учурда да, алар өз укугун эркин, өз эрки менен гана жүзөгө ашырганга укуктуу, башкача айтканда, өз эрки менен чечим кабыл алуусуна эч ким кийлигише да, таасир эте а албайт жана мындай кийлигишүүгө жол берилбейт. Үчүнчүдөн, биригүү эркиндигинин маңызынан жарандын саясий партиядан өз эрки менен, каалаган убакта чыгып кетүү укугу да келип чыгат[2, 165-166-б.].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы саясий партиялардын социалдык маани-маңызын, максаттарын, социалдык ролун, аларды түзүүнүн принциптерин бекитүү менен бирге, алардын ишмердүүлүгүн уюштурууда бир катар укуктук чектерди белгилеп турат. Алсак, 4-берененин 4-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасында:

1) мамлекеттик, муниципалдык жана партиялык институттардын кошулушуна; мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде жана уюмдарда партиялык уюмдардын түзүлүшүнө жана иштешине; мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер кызматтык иштен тышкары жүзөгө ашырган учурларды кошпогондо, партиялык ишти аткарышына;

2) аскер кызматчыларынын, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана судьялардын саясий партияларга мүчө болушуна, алардын кайсы бир саясий партияларды колдоп чыгышына;

3) диний, этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө;

5) иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынат.

Ушуга байланыштуу улуттук Конституциялык укук илиминдеги актуалдуу укук ченемдик-институционалдык көйгөйлөрдүн бирине – Конституцияда камтылган кээ бир маселелерди жөнгө салуудагы карама-каршылыктар менен, айрым беренелердин жоболорунун турмушка дал келбей калышына кайрыла кетели.

Бул контекстте кеп Конституциянын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктунун жоболору жөнүндө. Алар депутаттык корпустун партиялык тизме менен шайлануу, Жогорку Кеңеште парламенттик фракцияларды түзүү жана Жогорку Кеңеш фракциялык режимде иштөө принциптеринин мыйзамдуулугуна шек туудуруп, аларды жокко чыгарат[3].

Биринчиден, фракция табияты боюнча партиялык тизме менен шайланып келген депутаттарды бириктирген, партиянын кызыкчылыктарын көздөгөн, парламенте түзүлүүчү партиялык орган. Ошону менен бирге фракция парламенте түзүлүп, өзгөчө мамлекеттик-бийликтик ыйгарым укукка ээ болот. Дал ошол укуктарды пайдаланып, фракция Жогорку Кеңеште өз партиясынын программасына негизделген саясатын жүргүзөт. Ушул көрүнүштүн өзү мамлекеттик мекемеде партиялык уюмдардын түзүлүшү жана иштеши эмеспи?

Экинчиден, парламентке шайланып өткөн партия өзүнүн шайлоочуларга убада кылган программасын турмушка ашырууга милдеттүү. Бул максатта партия өзүнүн парламенттик фракциясынын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланышы айтпаса да көрүнүп турат. Эгерде партия башкаруучу партия болсо, анын депуттары парламенттик көпчүлүктү түзсө, өкмөттүн башчысын ал партиянын фракциясы аныктаса, бул эмне мамлекеттик жана партиялык институттардын кошулушу эмеспи? Мамлекеттин ишмердүүлүгүн партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүү эмеспи?

Кеп парламенттик башкаруучу партияда гана эмес. Ушундай эле көрүнүшкө фракциялардын коалициясынын ишмердиги да алып келээри талашсыз.

Үчүнчүдөн, Жогорку Кеңештин депутаты, мыйзам боюнча, мамлекеттик кызматкер. Ошол эле учурда, депутат тигил же бул фракциянын, андан ары партиянын мүчөсү. Мындай абалда депутат бир эле кезде парламенттик да, партиялык-фракциялык да иштер менен алектенет. Ушундай аракети менен Жогорку Кеңештин депутаттары Конституциянын жогоруда коюлган талаптарын бузуп жатышканы жокпу?

Демек, бул жерде сөз болуп жаткан Конституциянын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктунун жоболорун жокко чыгаруу мыйзам ченемдүү сунуш[4].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тышкары, саясий партиялардын укуктук негиздери "Саясий партиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген[5]. Ал Мыйзам саясий партияларды түзүүнүн укуктук негиздерин, алардын укуктарын жана милдеттерин, ишинин кепилдиктерин аныктап, саясий партиялардын мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен мамилелерин жөнгө салат.

Саясий партия деп, Мыйзам боюнча, Кыргыз Республикасынын жарандарынын өздөрүнүн саясий эркин түзүүнүн жана билдирүүнүн аркасында аларды коомдун саясий турмушуна катыштыруу, коомдук жана саясий акцияларга, шайлоого жана референдумга катыштыруу максатында ж.о.э. мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жарандардын кызыкчылыктарынын өкүлчүлүгүн камсыздоо максатында түзүлгөн ыктыярдуу бирикмеси саналат.

Кыргыз Республикасынын жараны бир гана саясий партиянын мүчөлүгүндө тура алат. Саясий партияга мүчөлүк жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө негиз боло албайт. Ар бир жаран өзүнүн партияга таандуулугун көрсөтүүгө же көрсөтпөөгө укуктуу.

Саясий партияларды түзүүнүн жана алардын ишмердигинин укуктук негиздерине кайрылсак, биринчиден, саясий партиялардын иши ыктыярдуулуктун, тең укуктуулуктун, өз алдынча башкаруунун, мыйзамдуулуктун жана ачыктыктын принциптерине негизденет.

Экинчиден, саясий партиялар өздөрүнүн ички түзүмүн, ишинин максаттарын, түрлөрүн жана усулдарын эркин аныкташат.

Үчүнчүдөн, саясий партиялардын иши Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдик берилген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузбоого тийиш.

Төртүнчүдөн, саясий партиялар өздөрүнүн мүчөлөрүнө партиянын жетекчи органдарында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына, жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмелеринде өкүлчүлүк кылуу үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө тийиш.

Бешинчиден, саясий партиялардын жана алардын филиалдары менен өкүлчүлүктөрүнүн жетекчи органдары Кыргыз Республикасынын аймагында болууга тийиш.

Алтынчыдан, максаттары же аракеттери конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүмдүгүн бузууга, Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө каршы келген мамлекеттин коопсуздугун ыдыратууга, согушту, зомбулукту жана катаалдыкты пропагандалоого, социалдык, расалык, улуттук, диний региондор аралык араздашууну жана кастыкты козутууга жана эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана ченемдерине шайкеш келбеген саясий партияларды түзүүгө жана алардын ишине тыюу салынат.

Жетинчиден, жарандардын, кесиптик, расалык, улуттук, этностук жана диний таандуулугунун белгилери боюнча саясий партияларды түзүүгө, ошондой эле мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында саясий партиялардын баштапкы партиялык уюмдарын түзүүгө жол берилбейт.

Сегизинчиден, саясий партиялар ачык аракеттенип, алардан уюштуруу жана программалык документтери жөнүндө маалымат жалпыга жеткиликтүү болот.

Тогузунчудан, аскерлештирилген саясий партияларды, саясий партиялардын алдында аскерлештирилген түзүлүштөрдү түзүүгө жана алардын ишине, ошондой эле партиянын мүчөлөрү үчүн аскерлештирилген үлгүдөгү бирдей кийимди киргизүүгө жана кийип жүрүүгө тыюу салынат.

Онунчудан, саясий партиялардын программалык, уставдык талаптарын билим берүү мекемелеринин окуу процессинде пропагандалоого жол берилбейт.

Он биринчиден, саясий партиялардын түзүмдүк бөлүкчөлөрү аймактык белги боюнча гана түзүлөт жана иштейт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, Куралдуу Күчтөрүндө, укук коргоо жана башка мамлекеттик органдарында, мамлекеттик уюмдарда саясий партиялардын түзүмдүк бөлүкчөлөрүн түзүүгө жол берилбейт.

Он экинчиден, Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк мамлекеттердин саясий партияларын жана көрсөтүлгөн партиялардын түзүмдүк бөлүкчөлөрүн түзүүгө жана алардын ишине жол берилбейт.

Он үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагына жана анын айрым жерлерине өзгөчө же аскердик абал киргизилген учурда саясий партиялардын иши өзгөчө же аскердик абал жөнүндө конституциялык мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Саясий партия анын уюштуруу курултайын же конференциясын чакыруучу саны кеминде 100 адам болгон жана областтарга, республикалык маанидеги шаарларга жана борбор шаарга өкүл болуучу Кыргыз Республикасынын жарандарынын демилгеси боюнча түзүлөт. Уюштуруу курултайында (конференциясында) саясий партияны түзүү, анын аталышы, уставы, программасы жөнүндө чечим кабыл алынат жана анын жетекчи органдары түзүлөт.

Өзүнүн уставдык ишмердигин саясий партия мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин жүзөгө ашырат.

Саясий партиянын уставы:

- саясий партиянын аталышын, максаттарын жана милдеттерин;
- саясий партиянын борбордук аппаратынын турган жерин;
- саясий партиядагы мүчөлүккө ээ болуунун жана андан айрылуунун шарттары менен тартибин, анын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин;
- саясий партиянын мүчөлөрүн эсепке алуунун тартибин;
- саясий партияны жана анын түзүмдүк бөлүкчөлөрүн (филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн) түзүүнүн, кайра уюштуруунун жана жоюунун тартибин;
- саясий партияны жана анын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн - жетектөөчү жана контролдук-эсеп текшерүү органдарын шайлоонун тартибин, көрсөтүлгөн органдардын ыйгарым укуктарынын жана компетенциясынын мөөнөтүн;
- саясий партиянын уставына жана анын программасына өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизүүнүн тартибин;
- депутаттыкка жана мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы башка шайлануучу кызматтарга талапкерлерди (талапкерлердин тизмесин) көрсөтүүнүн тартибин;
- саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн шайлануучу органдарга депутаттыкка талапкерлерди чакыртып алуунун же ротациялоонун негиздерин;
- саясий партиянын жана анын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн - акчалар жана башка мүлктү башкаруу жаатындагы укуктарын, саясий партиянын жана анын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн -каржылык жоопкерчилиги менен саясий партиянын жана анын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн - отчеттуулугунун тартибин камтууга тийиш. Ошону менен катар, уставда партиянын ишине тиешелүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка жоболор да камтылышы мүмкүн.

Мамлекет саясий партиялардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылат.

Саясий партиялардын ишине мамлекеттин жана мамлекеттин ишине саясий партиялардын мыйзамсыз кийлигишүүсүнө жол берилбейт. Партияларга мамлекеттик органдардын милдеттерин жүктөөгө да жол берилбейт.

Партиялардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан тиешелүү саясий партиялардын катышуусу менен жана алар менен макулдашуу боюнча чечилет.

Мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар жана мамлекеттик же муниципалдык кызматтарда турган адамдар өздөрүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалын өздөрү мүчө болуп саналган саясий партиялардын кызыкчылыктарында же болбосо ар кандай башка саясий партиянын кызыкчылыктарында пайдаланууга укуксуз. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын албаганда көрсөтүлгөн адамдар өздөрүнүн кызмат ордунун же кызматтык милдеттерин аткарууда саясий партиянын чечимдери менен байланыштуу болушу мүмкүн эмес.

Саясий партиялардын иштеп жаткан органдарында туруктуу иштеген адамдарга Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары, социалдык камсыз кылуу жана камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жайылтылат.

Бүгүнкү күндө саясий партиялар өлкөдөгү мамлекеттик бийликтин түзүлүшүнүн жана жүзөгө ашырылышынын реалдуу инструментине айланып жатышат[3, 98-99-б.].

Мамлекеттик бийликтин уюштурулушунун жаңы конституциялык конструкциясы – мамлекеттин бардык жогорку органдарын түзүүдө саясий партиялардын түздөн-түз да, кыйыр да катышуусу – мамлекеттин жана коомдун жаңылануу процессиндеги саясий партиялардын ролунун жогорулагандыгын айгинелейт. Аны менен бирге, Кыргызстандын саясий турмушундагы объективдүү тенденциялар да саясий партиялардын социалдык жана саясий-укуктук абалынан кабар беришет[6, 109-115-б.].

**Литература:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы //Эркин Тоо. – 2010. – 6-июль.
2. Арабаев А.А., Арабаев Р.А. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу: Жалпы жана Өзгөчө бөлүктөрү: Окуу китеби. – Бишкек: КУУ, Юрид. ин-т; Кырг.-Рос. билим берүү академ., 2014.
3. Арабаева А.А. Депутатские объединения в Жогорку Кенеше Кыргызской Республики: политико-правовой анализ: дис. … канд. полит. наук. – Бишкек, 2011.
4. Арабаева А.А.. Политические партии, Парламент, депутатские объединения /Под ред. д.и.н., профессора А.А. Акунова. – Бишкек: Право и политика, 2010.
5. “Саясий партиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 1999-жылдын 12-июну, № 50 //Эркин Тоо. – 1999. – 25-июнь.
6. Беренaлиева А.А. Политические партии в политическом процессе //Право и политика. – 2013. – № 1.